AGA-INI, Толгонай Арзыкеева - Жаны жыл

*Обону: Асанбеков Эмирлан, Асанбеков Мирлан*
*Сөзү: Асанбеков Мирлан, Асанбеков Эмирлан*

Кайбар

Аба ырайы суук болсо деле жанды жылытат кыштын керемети,
Айлананын баары жылтырайт кар басып жердин бетин.
Сыйкырдуу коооздукка ээ болот өзгөчө ушул
айларда кыргыз жери,
Себелейт мээрим,
Майрамдаса элим,
ак тилек, ак ниет менен күтүп жаңы жылдын келишин.
Дасторконун жайып, камдап белектерин,

Жаңы жыл-бул майрам турган тунук сезимдерден.
Жаңы жыл-бул майрам мамилени бекемдеткен,
Жаңы жыл бир келет бир кетет демек аны биргеликте тозуш керек эң жакын адамдар менен.

Толгонай

Жаңы-жыл элге сонун маанай тартуулайт
Жаңы-жыл бизди нурга бөлөп жаркырайт
Жаңы-жыл кандай гана керемет майрам
Ар жыл сайын баарына бакытты арнаган

Эмир

Эски жыл менен коштошуп жаңысын тозуп,
Эң сонун маанайга шаң-шөкөттү кошуп.
Көптөн бери чогулбаган жакындар менен көрүшүп,
Жүрөктөгү жылуулук менен алар менен бөлүшүп.
Балбылдап жанып күйгөн балатыны жасалгалап,
Кичине балакайлар жагымдуу ырларын камдайт.
Аяз ата, аяз кыз келсе ырдап беребиз деп,
Көптөн бери күткөн белекти алып келеби деп.
Нечендеген кызык бар жаңы жылдын кечинде,
Жаркыраган салюттар атылат го эшикте.
Убакыт да жакындап баратат он экиге,
Ажобуз чыгып сүйлөт кайрылып элибизге.

Жаңы жыл-бул майрам турган тунук сезимдерден,

Жаңы жыл-бул майрам мамилени бекемдеткен.
Жаңы жыл бир келет бир кетет демек аны биргеликте тозуш керек эң кымбат адамдар менен

Кайырма:

Жаңы-жыл элге сонун маанай тартуулайт,
Жаңы-жыл бизди нурга бөлөп жаркырайт.
Жаңы-жыл кандай гана керемет майрам,
Ар жыл сайын баарына бакытты арнаган.